**Карачева Өмүргүл Сулаймановна –**
Балыкчы шаарындагы № 4 гимназия мектебинин
тарых жана жаран таануу мугалими

## Тарбиялык сааттын темасы: «Ата-Журтум – Кыргызстан»

**Сабактын максаты:**

**а) Билим берүүчүлүк**: Окуучулар Ата Мекендин жана туулуп өскөн жердин өзгөчөлүгү, артыкчылыгы жөнндө түшүнүк алышат. Ата Мекенге болгон чексиз сүйүүнү даңазалоо менен сүйүүсүн арттырышат.

**б) Өнүктүрүүчүлүк**: Сынчыл ой жүгүртүү, ойлорду талдай билүү көндүмдөрү калыптанат, сөз байлыгы өсөт.

**В) Тарбия берүүчүлүк**: Окуучулар Ата Мекенди сүйүүгө, коргоого жана патриоттуулукка тарбияланышат.

**Сабактын тиби:** Көргөзмөлүү сабак.

**Сабактын формасы:** Тарбия саат.

**Сабактын жабдылышы:** Кыргызсандын жаратылышын чагылдырган сүрөттөр,ураандар,ырлар макалдар.

**Сабактын жүрүшү:** Уюштуру учуру

**а)** Сабакка жагымдуу маанай түзүү.

**б)** Окуучулар үч топко бөлүнүшөт.

**Мугалим:**

“Манас” эпосунда Ата Мекен алдындагы милдет айрыкча бийик чагылдырылган.

Кыргыйек таптап куш кылдым,
Кыргызды жыйнап журт кылдым.
Кулалы таптап куш кылдым,
Курама жыйып журт кылдым

Куюккан жыйып эл кылдым – дейт Манас бабабыз эл биримдигинен журт түзүлөрүн айтып.

**1-окуучу:** Манас атабыздын анты.

Алты сан аман турганда,
Ыйык кыргыз жеримди,
Душмандын буту баскыча,
Асыл кыргыз элимди,
Тебелетип бөтөнгө,
Кор кылып карап жаткыча

Туулбай туна чөгөйүн,
Тирүү жүрбөй өлөйүн,
Аткарбасам антымды,

Төшү түкүү жер урсун!
Көкө Теңир өзү урсун!!! (“Манас” эпосунан)

**2-окуучу** “Манас эпосунда Ата журт алдындагы ыйык милдет, элди-жерди сүйүү сезимдери өтө күчтүү чагылдырылган. Бакай атанын айтканын келтирсек:

Бөлүнбө, кыргыз бөлүнбө!
Бөлүнсөң бөрү жеп кетет,
Бөлүнүп кетти кыргы деп,
Бөлөк элге кеп кетет.

**1-топ: Улуу инсандардын сөзүнөн**

**1-окуучу**

Элин-жерин баарынан бийик санаган Курманжан датка энебиз баласын дарга асып жаткан душманга чөгөлөп басынбастан, жан дүйнөсү сыздап, жүрөгү канап турса да, баласына “Элим үчүн өлүмгө тике кара” - деп айтканы, кийинки муунга чыныгы жашоонун өрнөгү болуп калды.

**2-окуучу:**

Исхак Раззаков жашынан тоголок жетим калып, ар жерде жүрүп жетилип, кийин 35 жашында өз мекенине келип, Кыргыз ССР Министирлер Советинин төрагасы (1945-1950-жж), анан Кыргызсан КП БКнын биринчи катчысы (1950-61-жж) кызматтарында иштеп, кайрадан Москвага кетип жатканда: “Кагылайын туулган жер, сен менин эрте жетим калганымды, чоочун жерлерде тентигенимди, акыры өзүңдү кайра тапканымды билесиң. Өзүң үчүн колдон келгенди, болгон күчүмлү аябадым, кээде ойдогудай болбой калса, кечир мени, тууган жер?! Кайрадан өзүндү көрө аламбы? Качан?”- деп айтканы, эл-жерин, өз мекенин чындап сүйгөн адамдын жүрөгү канап айтылган сөзү экендиги сезилип турат. Бул-Мекенге болгон чексиз сүйүүдөн жаралган сөз.

**3-окуучу:** Аз жашап, бирок, артында ат көтөргүс из калтырган атактуу акын Алыкул Осмонов Ата журттун тагдырына толгонуп, анын бүткүл жүгүн өз мойнуна ыйгарып, “Сен ооруба, мен ооруюн Ата журт”-деп өтүнгөн экен.

Жаз да башка......Жел тийбесин абайла,
Көпкө турбас, мобул турган сур булут.
Бүт дартыңды өз мойнума алайын,
Сен ооруба,мен ооруюн Ата журт.

**4-окуучу:**

Улуу сөздүн устаты, Кыргыз Республикасынын Эл баатыры Чынгыз Айтматов мындай дептир: “Туулган жер, Ата Мекен ар адамдын тагдырын курайт. Тек кана андан баардык алганыңды көңүлдүн элегинене өткөзүп, бал жыйнаган аарыдай жүрөгүңө түйө билуу-парз”.

Чындыгында, Ата журттун койнунда өз тагырыбыздын жана Мекендин кулу болуп жашоо ар бирибиздин адамдык ыйык милдетибиз.

**2-топ: Макал-лакаптарды айтышат:**
"Кыргыз сынчы келет,казак ырчы келет".
"Ата журт-алтын бешик".
"Мекенден айрылганча,өмүрдөн айрыл".
"Мекендин бактысы өмүрдөн кымбат".
"Туулган жердин кадыры башка жерде билинет".
"Мекенсиз адам-үнсүз булбул".
"Сылыктыктын белгиси-алыш-бериш,
Ынтымактын белгиси-барыш- келиш".
"Элден чыккан азамат эл деп иштеп агарат".
"Элиң барда жардымын дебе,
Мекениң барда шордуумун дебе".
"Жакшы менен дос болсоң,ырыскысын тең бөлөт,
Жаман менен дос болсоң,өзүнөн сени кем көрөт".
"Туулган жердин топурагы алтын".
"Кайраттуу карысы юолбой, айбаттуу жашы болбойт".
"Кыраан учаарында,күлүк чуркаарында сыны чыгат".

**3-топ Көркөм ырлар.**
**1-окуучу: "Ата мекен".**
Кыгыз деген улуу журт кылымдардан,
Укмуштуудай дастаның,ырың калган.
Уук сайып,түндүктөн булап,
Улуу көчтү баштаган сының калган.

**2-окуучу**
Байыр алган бийик тоолор койнунда,
Туулган айлым дайым турат оюмда.
Сен башатым,жарык дуйнө тааныткан,
Сенин жүгүң өмүр бою мойнумда.

**3-окуучу:**
Бийик нарктуу улуу кыргыз элим бар,
Береке мол ажайып кооз жерим бар.
Бабалардын кылым кезген мурасы,
Ата мекен сенин Ыйык демиң бар.(К.Ысманова)

**4-окуучу:**
Кыргыз эли кылымдарды карыткан,
Бул жөнүндө маалым болду тарыхтан.
Карт тарыхын,кылымдарга сактаган,

Жериме даңк,элим менен мактанам (М.Дүйшембиев)

**5-окуучу:**
Ак калпакты кийип жүрсөң улуксуң,
Ошондуктан улуу кыргыз улутсуң.
Канчалаган кыйын кезең болсо да,
Кыргыз тилин, дилин кантип унутсун (М.Дүйшембиев)

Жекече ыр: “Кыргыз калкым”

**Жыйынтыктоо:**
“Барбадым,- деп- башкалардай чет элге”,
Досум менин муңаясың бекерге.
Аз өмүрдө өз жериңди аларга,
Эмне жетсин өзүң туулган мекенге”...

Дуйнө жүзүндө канчалаган түркүн улут, түркүн эл бар. Кай бирлери кайнаган ысык чөлдү мекендесе, башкалары жайынан кышы арбын, ак кар, көк муздуу аймакта жашашат. Ал эми өз мекени жок, өзгө жерлерде чачыранды жашап калган улуттар да жок эмес. Ушулардын баарына ой жүгүртүп келип, анан өз элиң, жериң, мекениң жөнүндө ойлоносуң. Ошондуктан, мекенибиздин гүлдөп өнүгүшү үчүн зор салымыбызды кошуп, касиеттүү Мекенибизди коргойлу.

**Үйгө тапшырма:** “ Мен мекеним үчүн эмне кылдым жана эмне кылам?”деген темада дил баян жазып келүү.

**Тарбия саатта пайдаланган айтымдар: (доскага илинет)**
“ Элим үчүн өлүмгө тике кара!” - Курманжан датка.

“Бөлүнбө, кыргыз, бөлүнбө!
Бөлүнсөң бөрү жеп кетет.
Бөлүнүп кетти кыргыз деп,
Бөлөк элге кеп кетет”. “Манас“ эпосунан.

“Алты сан аман турганда,
Ыйык кыргыз жеримди,
Душмандын буту басканча,
Асыл кыргыз элимди,
Тебелетип бөтөнгө,
Кор кылып карап жатканча,
Туулбай туна чөгөйүн,
Тирүү жүрбөй өлөйүн,
Аткарбасам антымды,
Төшү түктүү жер урсун

Көкө Теңир өзү урсун!!! “Манас“ эпосунан.

“Кагылайын туулган жер, сен менин эрте жетим калганымды, чоочун жерлерде тентигенимди, акыры өзүңдү кайра тапканымды билесиң. Өзүң үчүн колдон келгенди, болгон күчүмлү аябадым, кээде ойдогудай болбой калса, кечир мени, тууган жер?! Кайрадан өзүндү көрө аламбы? Качан?” Исхак Раззаков – мамлекеттик ишмер.

“Туулган жер, Ата Мекен ар адамдын тагдырын курайт. Тек кана андан баардык алганыңды көңүлдүн элегинене өткөзүп, бал жыйнаган аарыдай жүрөгүңө түйө билүү – парз”. ( Чыңгыз Айтматов )